***Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу Фондунун Талас аймактык башкармалыгынын директорунун орун басары У.Эмилбаев менен болгон маек.***



**- Улан Сагынович Милдеттүү медициналык камсыздандыруу Фондунун ишмердүүлүгү тууралуу айтып берсениз? Анын иш - милдеттери кандай?**

- Милдеттүү медициналык камсыздандыруу Фонду (ММК Фонду) бул Кыргыз Республикасынын жарандарын медициналык камсыздандыруу боюнча мамлекеттик программаларды ишке ашыруучу аткаруу бийлигинин мамлекеттик органы.

Негизги максаты - ден соолукту коргоодо жарандардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо болуп саналат.

Талас аймактык ММК Фонду өз милдеттерин облусубуздагы саламаттык сактоо мекемелери менен келишим түзүү аркылуу аткарат.

Ал келишимде саламаттык сактоо мекемелеринин каржылоосунун көлөмдөрү, шарттары, жарандарга медициналык жардам көрсөтүүдөгү жана дары-дармек менен камсыздандыруудагы эки тараптуу жоопкерчиликтер белгиленет.

Ушул иш-чаралардын бардыгы Кыргыз Республикасынын жарандарына медициналык жардам жана кызмат көрсөтүүдөгү Мамлекеттик кепилдик программаны аткарууга багытталат.

**- Сиз Мамлекеттик кепилдик программа тууралуу сөз козгодуңуз, ушул программага бир аз токтолуп кетсеңиз?**

- Мамлекеттик программа бул – Кыргыз Республикасынын жарандарынын медициналык жардам алуудагы укуктарын мыйзам чегинде аныктоочу нормативдик документ. Жарандардын медициналык жардам алуудагы кепилделген көлөмүн, түрлөрүн, наркын жана шарттарын аныктайт.

- Жогоруда айтылган облусубуздагы саламаттык сактоо мекеме - уюмдары менен түзүлгөн келишим ушул программаны аткаруу үчүн түзүлөт.

Саламаттык сактоо мекемелери ушул программаны аткаруу үчүн каралган Республикалык бюджеттен жана ММК Фондунун каражатынан каржыланылат жана сарпталат.

**- Медициналык камсыздандырылбаган жарандар Мамлекеттик кепилдик программа боюнча кандай медициналык жардам ала алышат?**

- Камсыздандырылбаган калктын катмарына пландуу түрдө алуучу медициналык жардамдан алуудагы жеңилдиктер чектелген. Камсыздандырылган жарандардан айырмасы мына ушунда.

Бирок камсыздандырылбаган жарандар үчүн, эгерде ден соолугуна, өмүрүнө коркунуч туулган мезгилде шашылыш түрдөгү медициналык тез жардам стационарлык же амбулатордук деңгээлде болобу толук кандуу акысыз көрсөтүлөт. Бул жобо Мамлекеттик кепилдик программада каралган жана ушул үчүн каражат бекитилген.

2016-жылдын 1-июлуна карата облусубуздун калкынын 29,0% жакыны ж.б. 65,0 миң жаран медициналык камсыздандыруу статусуна ээ эмес, ал эми Талас району боюнча 56836 адам ҮДТда каттоодо турса, анын ичинен 37273 адам медициналык камсыздандыруусу бар, же болбосо 66% гана түзүүдө. Калган 19563 адам медициналык камсыздандыруусу жоктор. Бул көрүнүш биздин жана саламаттык сактоо мекемелеринин көйгөйлүү маселелеринин бири.

**- Камсыздандырылбаган жарандарын медициналык камсыздандыруу системасына тартуу үчүн эмне керек?**

- Жогоруда айтылган 65,0 миң камсыздандырылбаган жарандар негизинен иштебеген жана өздөрү үчүн чакан бизнес чөйрөдө (самозанятый) иштегендер түзөт.

Калктын бул катмарын медициналык камсыздандырууга тартуу үчүн үй- бүлөлүк дарыгерлер алардын эсебин алып, тактап камсыздандыруу медициналык Полисин алдырып берүүлөрү зарыл. Бул милдеттеме Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен жобо катары бекитилген. Калкты медициналык камсыздандырууга тартуу менен саламаттык сактоо мекемелерине акча каражаттардын келип түшүүсү жогорулайт.

**- Медициналык камсыздандыруу Полиси тууралуу токтолсоңуз?**

- Медициналык камсыздандыруу Полиси бул жарандарга милдеттүү медициналык камсыздандыруу программасы боюнча жеңилдетилген түрдө медициналык жардам үчүн мүмкүнчүлүк жана укук берген документ.

Полиси бар жаран медициналык жардамга муктаж болуп калган учурларда амбулатордук жана стационардык дэңгээлде көп жеңилдиктерге ээ болот.

Ал жеңилдиктердин түрлөрүнүн шарттарынын жана бааларынын тизмеси ар бир саламаттык сактоо мекемелеринде бар.

Бул маселелер боюнча Полиси бар жарандар кайрылганда түшүндүрүү иштерин жүргүзүү медициналык кызматкерлердин түздөн-түз милдеттери болуп саналат.

**- Улан Сагынович камсыздандырылган жарандардын медициналык жардам алууда укуктары бузулса кандай жол менен чечилет, кимге кайрылуу керек?**

- Медициналык жардам алууда укугу бузулган камсыздандырылган жарандар биринчиден ошол саламаттык сактоо мекемелеринин жетекчилигине (бөлүм башчылар, орун басарлар, жетекчи) кайрылуулары зарыл.

Экинчиден ишеним телефондору аркылуу түздөн-түз ММК Фондунун Талас аймактык башкармалыгына кайрылса болот (ишеним телефондорунун номерлери: (03422) 5-32-99, 5-24-84).

**- Маанилүү маегиңизге ырахмат.**

*Жеке ишкер Жайнагүл Аккөзова:*

# Ишкерлигиме Швейцариялык BPN программасы көп көмөк көрсөттү!



**Аккөзова Жайнагүл 1963-жылы 6-февралда Бакай-Ата районундагы Миң-Булак айылында төрөлгөн. Кесиби тигүүчү. 1982-жылы ошол кездеги Фрунзе шаарынан кесипчилик окуу жайды аяктаган. Эки баланын энеси. Окууну бүткөндөн тарта өз кесиби менен иштеп келе жатат. Дасыккан тигүүчү 2008-жылы кесибине байланыштуу жеке ишкана ачкан.Маек Жайнагүл эженин ишкерлигинин күңгөй-тескейи тууралуу болмокчу.**

***- Саламатсызбы Жайнагүл эже. Тигүүчүлүк менен алектенгениңизге канча убакыт болду?***

- Саламатчылык. Бул кесип менен алектенгениме 30 жылдан ашты. Алгач окууну аяктап, тигүүчүлүк кесипти өздөштүргөндөн баштап эле түрдүү ишканаларда, отельелерде иштедим. Кесибимдин ачуусун дагы, таттуусун дагы таттым. Анан өз кесибимди абдан өздөштүрүп, дасыгып калгандан кийин мындай жүргөн болбойт деген ой менен үйлөнүү үлпөт салонун ачтым.

***- Жеке салон ачууга эмне түрткү болду?***

- 2008-жылы жеке тигүү салонун ачтым. Ага чейин түрдүү жерлерде иштедим дебедимби. Бирөөнүн кол алдында иштөөнүн бир топ түйшүгү бар эмеспи. Мисалы каалаган убагында сурана албайсың, кечиге албайсың дегендей маселелер жарала берди. Анан албетте ар бир кесипкөй адам жеке иш ачууну максат кылат. Мен дагы алдыма койгон максатым-жеке бизнес ачуу эле. Анан уулдарымдын жардамы менен салон ачып, учурда ийгиликтүү иштетип жатабыз. Салондо үйлөнүү үлпөт көйнөктөрдүн кенен ассортименти жана улуттук кийимдердин түртүрү бар.

***- Швейцариялык BPN программасы сизге кандай жардамдарды берди?***

- Аты аталган программа тууралуу кесиптешимден уктум. Ал мени программанын кызматкерлери сабак өтүп жаткан жерге алып барган. Ал жерден бизнес план толтуруп, бизнес менен алектенүүнүн сырларын үйрөндүк. Мындан кийин аталган программанын алкагында Бишкек шаарына бир жумалык окууга бардым. Ал жерден Швейцариядан атайын келген өкүл менен жолугушуу өткөрүп, көп нерсени үйрөндүк.

***- Конкреттуу жардамдарына токтолуп өтсөңүз?***

- Биринчиден теориялык жактан өткөн сабактары абдан пайдалуу болду. Экинчиден программанын жардамы менен 2010-жылы пайдалуу кредит алып, салонума тигүүчү машиналарды сатып алдык. Учурдан пайдаланып, Швейцариялык компанияга көптөгөн ыраазычылыгымды билдирем. Алардын зор колдоосу менен мен көптөгөн ийгиликтерге жетиштим. Бизнести өнүктүрүүдө тажрыйба топтодум. Айрыкча компаниянын ишкерлер менен түздөн-түз иштеген кызматкери көп жардамын берип, бизди колдоп, жол көрсөтүп турду.



***- Алдыңызга кандай максаттарды коюп жатасыз жана келечекте ишканаңызды кандай элестетесиз?***

- Алдыга койгон максаттарым көп. Алардын негизгиси салонумду чоңойтуу. Кошумча жумушчу орундарды түзүү жана таластыктарга татыктуу кызмат көрсөтүп, алардын жакшылыктарына ортоктош болуу. Себеби элибизде жакшылык көп болсо, үйлөнүү үлпөттөр арбын болсо албетте, бизге окшогон ишкерлердин иши алдыга жылат.

***- Сизге албан ийгиликтерди каалаймын.***

Кошумча маалымат: **(0555) 800-117**
E-mail: **bpn@ca.elcat.kg**
**www.bpnca.kg**
**www.facebook.com/BPNCentralAsia**

**Бетти даярдаган:**
**Кенже БӨДӨШЕВА**